**ТУРДУБАЕВА Р. Ш.**
*Ж*. Баласагын атындагы
Кыргыз Улуттук Университетинин
ага окутуучусу. (Кыргызстан)

# БАЛАЛЫКТЫ ТАТЫКТУУ ТАРБИЯЛООНУН БАШАТЫ – ИШЕНИМДҮҮ КЕЛЕЧЕКТИН БЕЛГИСИ

Маданият – бул адамдардын миң жылдар ичиндеги өз эмгеги менен түзүшкөн баалуулук наркы болуп эсептелет. Маданият – бул элдин нукура таланты, ийгилиги.
Балалыктын дүйнөсү адамзаттын жана ар бир элдин турмуш образынын жана маданиятынын ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Чоң адам артта калган өзүнүн балалыгына кайрадан кайрылып келе албайт, балалыктын азап чегүү дүйнөсү ага көбүнчө жашыруун жана жабык болуп сезилет.

Ошол эле учурда ар бир чоң адам өзүнүн балалык мезгилин ала жүрөт жана андан толук бошонуп кете албайт. Өз учурунда бала психикалык, физикалык жактан жактан чоңдорсуз жашай албайт, баланын аң-сезими, азап чегүүсү чоңдор дүйнөсүнүн турмушунан көз каранды болуп турат. Коом өзүнүн адепки балалык кезинин закон ченемдүүлүгүн түшүнбөй туруп, өзүн аңдап биле албайт[1].

Ар бир чоң адам качандыр бир кезинде кичине болгон. Чоң адамдын башынан өткөн тажрыйбасы баланын ар тараптан жана толук түшүнүүсүнүн кепилдиги боло алат эле, бирок турмушта көбүнчө мындай боло бербейт. Чоңдордун баланы өтө эле баласынтышы, бала психикасынын спецификалык өзгөчөлүктөрүн түшүнө билбеши терең конфликтиге жана көңүл калууларга алып келет.

Биздин бала жөнүндөгү түшүнүгүбүз нормалар жана традициялар менен түзүлгөн. М: Италиянын искусствосу христиан дининин традициясы менен байланыштуу болгондуктан, бала дайыма аруулуктун белгиси катарында көрүнөт.

Ал эми америкалык антрополог М. Волфенштайндын изилдөөсүнө ылайык, бардык маданияттын бири-биринен айырмасы болсо дагы бала - моралдык тазалыктын эталону болуп саналат.

Баланын сүйүүсү чоңдордун турмушун аруулап, жаңылануугa алып келет[2].

Америкалык психологдор XIX- кылымдагы пуритан моралынын башчылыгы учурунда балдарды тарбиялоонун сунуштары өтө катаал болгондугун анализдешкен, эгер баланын кичине чыры байкалса, аларды уруп-сабап чырын басуу керек эле. Эгер бала колун оозуна салып же жан жерине алып барса андан да жаман жазалоо күткөн.Наристенин ыйына эгер ал ачка болбосо же үшүбөсө ага көңүл бөлүүнүн кереги жок дешкен. XX- к америкалык психологдор болсо салыштырмалуу такыр башка сунуштарды беришкен. Бул жаңы кылым эски пуритан моралынын кулашы жана балага толук эркиндиктин берилиши менен мүнөздөлөт жана баланы кээ бир учурда гана жазалашкан.

Европалык өлкөлөрдө бала толук кандуу адамзат жандыгы. Баланын турмушу, өмүрү жана ден соолугу закон жана традиция менен корголуп турат. Эгер бала оорулуу болуп төрөлсө жана акыл-эси артта калса, аны закон жана укук алдында жоопко тартпайт. Бул жерден биз маданияттын даанышмандыгын көрөбүз.

Ал эми Байыркы Грециянын мифтериндеги балдарга карата аёосуз мамилени эстеп көрсөк, ата-энелери күнөөсү жок наристелерди өлтүрүүгө барышкан[3]. Байыркы Грециянын өзүндө жана Римде балдарды өлтүрүү өтө кеңири таралган, баланы инсан катары көрүшкөн эмес.

---

[1] Кон И.С. Ребенок и общество. Изд-во «Наука». М., 1988.
[2]Субботский Е.В. Ребенок открывает мир. М., 1991.
[3]Кун Н.А. Легенды и мифы Древней Греции. М., 1955.

Христиан дининдеги Европада балдарга карата жапайычылык мамилесин да мисал келтирсек болот. Аларда балдар бир аз гана күнөө кылышса, аларды аёосуз сабоо күткөн. Бул болсо балдардын рухунан жин шайтанды кубалап салуу менен түшүндүрүлгөн.
Карфагендин байыркы жашоочулары өздөрүнүн кудайы Молох учун балдарды курмандыкка чалышкан. Гезер шаарындагы казуулардан кыйнап өлтүрүлгөн наристелердин мүрзөсү табылган. Ал эми библиядагы Авраам ойлонбостон өз баласын курмандыкка чалууга даяр экенин билебиз. Байыркы Спартанын жашоочулары алсыз жана денесинде кемтиги бар балдарды жок кылышкан.Ал эми Исландияда болсо көп балалуу үй бүлөдөгү жаңы төрөлгөн ымыркайдан баш тартышып, киши баргыс жерге ыргытышкан, ошол эле Исландиянын сагдары балдарды өз менчигиндей пайдалана алышкан.

Өлкөбүздө прогрессивдуу-экономикалык жаңылануулардын эсебинен XX кылымдын башында балдардын укугу тез жогорулады. Ооба, бул укуктар төрөлгөн гана балдарга гана жайылтылганы чындык, ал эми жарык дүйнөгө келе элек ымыркайчы? Ал дагы өз учурунда нарктуулук б.а. адам келечекте гана ээ боло турган асыл зат болуп эсептелет.

Чындыгында карт тарых күбөлөгөндөй, баланын өмүрү дайыма эле закон менен сакталган эмес. Баланы өлтүрүү кылмыш катары эсептелчу эмес. Бул байыркы адамдардын балдарга карата мындай аёосуздугунун эмне себеби бар болду экен? Архаикалык адамдардын аң-сезиминде баланын өлүмү анча деле коркунуч туудурбаган. Баланын жаны бир канча убакыттан кийин кайра жаралышы мүмкүн деген ой ишенүүлөр болгон.

Ал эми Индия, Африканын көп урууларындагы үй бүлөлөрдө баланы сактоого, коргоого кызыгышкан. Анткени эркек бала үй бүлөнүн атын алып жүрүүчү, үй бүлөдөгү каада-салтты алып жүрүүчү катары белгилүү болгон. Ал үйлөнгөндөн кийин үй бүлөгө дагы бир жумушчуну ала келет. Ал эми үй бүлөдөгү кыз турмушка чыкса , ага чоң сеп даярдоо зарыл эле.

Тескерисинче, Меланезиянын кээ бир урууларында үй бүлөнүн аты жана мурасы матриархаттык башкаруу менен жүргүзүлгөн. Кыз бой жеткенде турмушка чыкса, көп калың алышкан. Ошондуктан кыздар балдарга караганда көп бааланып, кыздын төрөлүшү бакыт алып келип, наристеге жашоого укук беришкен[4].

Эми биздин окурманда суроо туулушу мүмкүн. «Биз эмне үчүн байыркы уруулардын балдарга болгон мамилесинин тарыхына кайрылдык?» Мунун жообу өтө жөнөкөй: Маданияттын улуу жетишкендигин өнүктүрүү, сактоо, баалоо үчүн балдарга гумандуу мамиленин болушу зарыл.

Дүйнө элдеринин тукум улоо, перзент күтүү, аларды тарбиялоого байланышкан бай-салттары жеткиликтүү изилдене элек орчундуу маселелердин катарына кирет.
Бардык башка улуттар сыяктуу эле кыргыздар да үй бүлө күтүүнүн башкы маңызы балалуу болуу, аларды багып өстүрүү, адам катарына кошуу деп түшүнүшкөн. Ата-энелик парз бул -- тукум улоо, ден соолугу чың, рухий дүйнөсү бай , татыктуу инсандын өсүп жетилиши үчүн жооптуу болуу дегендик. Бала үй-бүлөнүн тиреги, туткасы, ата-энелердин гана эмес, бүтүндөй журттун кайра жаралуусунун, өсүп өнүгүшүнүн шарты. Кыргыз элинде тукумсуздук, баласыз өтүү орду толгус жамандык. Аялдардын бир жерден орун-очок алышы, үй бүлө, журт ичиндеги кадыр-баркы, анын төрөп, багып өстүрүү милдетинин канчалык деңгээлде аткаргандыгына карата өлчөнгөн. Тукумсуз жубайлардын турмушунда бала асырап алуу салты да калыптанган. Коомдо балдарды асырап алуу салтынын социалдык мааниси терең. Өткөн убактарда ушул салттын күчтүүлүгүнөн кыргыздарда багуусуз, кароосуз калган балдар болгон эмес. Элибизде «Кызга кырк үйдөн тыюу» - деп кыз баланын тарбиясына көп көңүл бөлүнүп, тартиптуу, адептуу, назик болуп өсүшү үчүн камкордук көрүшкөн. «Кыздын кырк чачы улук», деп

[4]Субботский Е.В. Ребенок открывает мир. М., 1991.

сыйлай да билген. Анткени кыз эртенки эне, үй бүлөнүн куту, туткасы, эрдин жары. Ага эртеңки жашоо турмуш, элдин тагдыры, үй бүлөнүн тагдыры байланыштуу. Кыз жакшы чыкса бир үй бүлөгө жагылган шам, жаман чыкса бир үй бүлөнүн шору. Ал эми үй бүлөдөн мамлекет куралат эмеспи. Ата-эне балдарды тарбиялоо ишинен четтеп, алар баланы көзөмөлгө алууну мектепке көбүрөөк оодара салышкандай байкалат. Чындыгында тарбиянын башаты үй бүлө эмеспи. Ал эми мектеп бул милдетти жетишээрлик көзөмөлдөй албайт. Ата-энелер кечке иште болушуп кечинде үй-оокаты менен алпурушуп, баласын көзөмөлдөө, кеңеш айтуу, жол көрсөтүү, аларга багыт берүү иштерин толук кандуу жүргүзүшпөйт. Ал эми ата-энеси чет жерде жүргөн балдардын тарбиясы кандай өзгөрүүлөргө дуушар болгону жанды кейитет.

Чындыгында өлкөбүз окуучуларды арзан жумушчу күч катары колдонуп келген. Алар тамеки жыйнап, өрүк-алмасын үзүп, чөбүн чаап, пахтасын терип бардык иштерге тартылышкан, бул учурда окуусу үзгүлтүккө учурап, сезими өспөй, балтыр эти толо элек кезде ден соолугуна балта чабылып, таңдан кечке талаада жүрүшчү.

Бүгүнкү күндө ата-эненин тарбиясы баштапкы жана улук болуп эсептелет. «Уядан эмнени көрсө, учканда ошону алат», «Алма шагынан алыс түшпөйт» деген даанышман элибиздин көрөгөчтүк касиетин байкайбыз. Ата-эненин бири-бирине болгон мамилеси, алардын бакыты же кайгысы, дөөлөтү же кыйынчылыгы балдардын кийинки жашоосуна өз мөөрүн басат. Ата-эненин жашоосу балдарына үлгү катары кызмат кылат.

Үй бүлөдө кыздардын барган жеринен бак айтып, ата-эне наалат сөзгө калбас учун кыздарды жашынан адептүүлүккө тарбиялоо ата-эненин ыйык парзы. Бирок кыздарды талаптагыдай тарбиялоого ата-эненин мүмкүнчүлүк деңгээли бирдей эмес. Кээде ата-энесинин тарбиясынан да чөйрөдөгү терс таасирлер күчтүүлүк кылып, ата-энесинин сөзүн укпай, тыюудан чыгып кеткен да кыздар бар. Андан тышкары окуйбуз деп шаарга келишип, ата-энесинин тарбиясынан алыс калып, эркиндик десе эле эртеңки күнүнөн, бактысынан айрылгандар канча, жашоодон тилеген тилеги ишке ашпай, жаман келинге туш болуп, журөгү сыздаган энелер, турмуштан көңүлү калган канча жигит бар.

Балдар биздин келечегибиз дейбиз, бирок турмушта жакшы тарбиялуу кыздар балалык баёо сезимине алданып тагдыры талкаланганы чындык. «Бироого кор, бироого зар» дегендей туруксуз мүнөздөгү кыздардын жеңил ойлуулугунан канчалаган наистелер тирүүлөй жетим болушууда.

Балдарды жаштайынан үй бүлө курууга жана ынтымактуу жашоого тарбиялоо керек. Үй бүлө курууда тарбия берүүнүн формасын өзгөртүү зарыл. Айрыкча жаш кезден кыздарды үй бүлө курууга даярдоо керек. Жаштардын үй бүлө жөнүндөгү түшүнүктөрүн, билимдерин азыркы илимдин жетишкендиктери менен байытып, жаңы үй-бүлө мамилеси боюнча табылган психологиялык мыйзам ченемдүүлүктөрдү түшүндүрүүнүн мааниси чоң[5].

Кыргыз жаштары сүйүү жөнүндө ой жорууга ээ, көпчүлүк жаштар сүйүү бактылуу кылат дешет. Үй бүлөдөгү бактылуулук бул талыкпас эмгек, эки жаш бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарган сыяктуу, үй бүлө курууда кездешкен көп орчундуу маселелерди чогуу чечип, бири-бирин колдоп, чыдамкай болуулары үй бүлө турмушунун зарыл шарты деп түшүнөбүз.

Ата-эне болуу чеберчилиги темасына арналган көп адабияттар бар. Бул проблема өзүнүн маанилүүлүгүнө карабай белгилуу адабияттарда кеңири чагылдырылган эмес.

Анын орчундуу проблемаларынын бири – балага болгон мамиле, биздин аларга карата мамилебиз менен аныкталат. Биздин наристебиз нормалдуу өсүп, өнүгүшү үчүн ал төрөлгөнгө чейин төмөнкүлөрдү өздөштүрүшүбүз керек.

Биринчи. Сиздин наристеңиздин сиздин алдыңызда эч күнөөсү жок. Бул жарык дүйнөгө төрөлүп, сизге кошумча кыйынчылыкты түзгөндүгү үчүн, сиз күткөндөй болбогондугу үчүн күнөөлүү эмес.

---

[5]Мурзаев М. Кыздар бойго жеткенде. // Кырг. Аялдары, 1995, № 4.

Экинчи. Сиздин наристеңиз сиздин жеке менчигиңиз эмес, ал өз алдынча Адам. Баланыздын жөндөмдүүлүгүн жана кызыкчылыгын таанып билип, анын өнүгүшү жана ишке ашышы үчүн турмуштук жолду туура тандап берүүгө көмөк көрсөтүшүңүз керек. Өзүңүз билгендей анын турмушун бузуп, анын тагдырын өмүрү өткөнчө чечүүгө сиздин укугуңуз жок.

Үчүнчү. Сиздин чүрпөңүз дайыма эле милдеттуу түрдө тил алчаак же жоош болушу мүмкүн эмес. Анын чыры, өжөрлүгү байкалышы мүмкүн.

Төртүнчү. Чүрпөңүздүн көпчүлүк чырларынын жана тентектигинин күнөөкөрү, албетте, сиз болосуз. Анткени сиз аны убагында түшүнө алган жоксуз. Аны тарбиялоого күчүңүздү аз сарптадыңыз.

Бешинчи. Балаңыздын жакшы сапатына, жакшылыкка ишенишиңиз керек. Бардык педагогикалык карама-каршылыктарда келечекке болгон ишенимди сактоо абзел.
Эмне үчүн балага карата мамиленин бул беш принциби маанилүү болуп жатат? Анткени бул принциптер Сиздин үй бүлөңүздүн болочок тарбия берүүчү климатын аныктайт.

Эгер, Сиз 1-принципти аткарбасаңыз, балаңыз сиздин алдыңызда бир нерсе үчүн күнөөлүү болгондой болуп жүрсө, сиздин аракетиңизге жооп бербесе, анда балаңыз жабыркаган инсанга айланат.

Эгер Сиз, 2-принципти жокко чыгарсаңыз - балаңыздын көңүлүнүн (эки анжылыгына) тез өзгөрүлүп турушуна алып келет.

Сиз, 4-принциптен баш тартсаңыз, балаңыздын иш жүзүндө кандай болсо, ошондой кабыл ала албагандык сиздин педагогикалык багыт алууңузга жолтоолук кылат.

Эгер Сиз, 5-принциптен баш тартсаңыз - сиздин тарбия берүүчүлүк пессимизмиңиз -- балаңызда өзүнө ишенбөөчүлүктү пайда кылат.

Ата-эне жана бала ортосунда түшүнбөстүк болбошу үчүн сиз дайыма балаңыз менен сүйлөшүп туруңуз. Анын ой-пикирин угуп, ал эмне айтып жатса, аны аягына чейин уга билиңиз. Балаңыздан талап кыла билиңиз. Дайыма дүйнөгө балаңыздын көз карашы менен караңыз, Анын өз алдынчалыгын жана кадыр-баркын сыйлаңыз. Балаңыздан чоңдордун турмушун жашырбаңыз, аны жаш өзгөчөлүгүнө карап түшүндүрүңүз. Ага жиниңизди келтирип урушпаңыз, өзүңүздүн сүйүүңүздү, мээримиңизди төгүңүз, бирок аша чаап кетпеңиз. Баланын өнүгүшүндө жаңы жетишкендиктерге жетишүүсүнө мүмкүнчүлүк түзүп бериңиз[6].

Биздин бул ишибиз ата-эненин мээрими, жылуу мамиленин болушу баланын өзүн урматтоо үчүн, өзү жөнүндө жакшы ой жоруусу үчүн, тегерегиндеги адамдар менен жакшы мамиледе болуусу үчүн зарыл экендигине ынандык.

**АДАБИЯТТАР:**

1.Кон И.С. Ребенок и общество. Изд-во «Наука». М., 1988.
2.Субботский Е.В. Ребенок открывает мир. М., 1991.
3.Кун Н.А. Легенды и мифы древней Греции. М., 1995.
4.Мурзаев М. Кыздар бойго жеткенде. // Кыргызстан аялдары. 1995, № 4.
5.Ковалев С.В. Психология семейных отношений. М., 1987.
6.Запорожец А.В., Неверович Я.З. О генезисе, функции и структуре эмоциональных процессов у ребенка. // Вопросы психологии. 1974, № 6.

[6] Ковалев С.В. Психология семейных отношений. М., 1987.